КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
ЧҮЙ ОБЛАСТЫНЫН
АЛАМУДҮН РАЙОНУНУН
ТАШ-МОЙНОК АЙЫЛДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ
АЛАМУДУНСКИЙ РАЙОН
ТАШ-МОЙНОКСКИЙ АЙЫЛНЫЙ
КЕНЕШ

**Таш-Мойнок айылдык кеңешинин 29 чакырылышынын кезектеги отуруму**

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

«14» 10 2025-ж № 88

Кой-Таш айылы
село Кой-Таш

## Долбоордун биргелешип каржылоого жергиликтүү бюджеттин эсебинен каражат бөлүү жөнүндө

«Мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 34-беренесине ылайык Таш-Мойнок айыл аймагынын башчысы Б.С.Асанкуловдун жана Сакин Бегматова атындагы Таш-Мойнок мектебинин мүдүрү В.И. Чылпакбаеванын «Сакин Бегматова атындагы Таш-Мойнок жалпы билим берүү мектебинин тегерегиндеги жолдорун жана мектеп алдындагы аянтчаларын асфальттоо» долбоору жөнүндөгү сөзүн угуп, талкуулап жана отурумдун протоколунун негизинде, Таш-Мойнок айылдык кенеши

**Токтом кылат:**

1. «Сакин Бегматова атындагы Таш-Мойнок жалпы билим берүү мектебинин тегерегиндеги жолдорун жана мектеп алдындагы аянтчаларын асфальттоо» долбоорунун документтерин даярдоо Таш-Мойнок айыл өкмөтүнүн башчысы Б.С. Асанкуловго тапшырылсын.
2. Долбоорду биргелешип каржылоого жана ишке ашырууга Таш-Мойнок айыл өкмөтүнүн бюджетинен - 875.000 сом акча каражаты бөлүнсүн.
3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөөнү өзүмө калтырам.

**Таш-Мойнок айылдык**
**кеңешинин төрагасы** **Ташматов С.П.**